PLITONIT

Plitonit Deutsche Qualität

**ИШТИН КӨЗҮН БИЛГЕН АДИС БОЛУУ ОҢОЙ**

## PLITONIT эпоксиддүү калдыктарды тазалоочу каражат




Эпоксиддүү жана цементтик калдыктарды тазалоо үчүн колдонулат. Эпоксиддүү толтургучтун калдыктарын жана тактарын кетирүү үчүн эң ылайыктуу. Керамикалык плиткада, керамикалык мозаикада, клинкерде, фасад плиткасында жана жасалма ташта колдонулат.

**Таңгактоо: 500 мл**

### PLITONIT эпоксиддүү калдыктарды тазалоочу каражат менен иштөөнүн артыкчылыктары жана пайдасы

- Каптоонун алгачкы көрүнүшүн өзгөртпөйт — жумуштун сапаттуу кабыл алынышына кепилдик берет
- Чачкычы бар ыңгайлуу таңгак — тазалоонун ыңгайлуулугу жана ылдамдыгы
- 500 мл эритме 10 м² чейинки аянтты тазалоого жетет — үнөмдүү чыгымдалат
- Ар кандай цементтик калдыктарды кетирүү үчүн да колдонулушу мүмкүн — ар тараптуулугу
- PLITONIT Colorit Easy Fill эпоксиддүү толтургучу менен ар тараптуу чечим
- Жарактуулук мөөнөтү — 3 жыл

### Материалдын сарпталышы

Кирдин деңгээлине жараша м² үчүн 50—100 мл

### Иштин тартиби

Каражатты тигиш толтургучту сүрткөндөн кийин 24 сааттан эрте эмес колдонуу керек. Тазалоочу каражатты чачкыч, кыл сырдагыч (кисть) же губка аркылуу бетке сүйкөңүз. 5-15 мүнөткө калтырып, андан кийин нымдуу губка менен сүртүп, суу менен жууп салыңыз. Сүйкөлгөн каражатты толугу менен кургап кеткенге чейин калтырууга тыюу салынат, мунун айынан тигиш толтургучтун түсү кайра калыбына келгис өзгөрүп кетиши мүмкүн.

### Көңүл буруңуз!

Кычкылдыр таасирине туруксуз бетондо, беттерде жана плиткаларда, ошондой эле курамында акиташы бар табигый жана жасалма таштарда колдонбоңуз. Колдонуудан мурун каражатты бетке колдонсо болорун билүү үчүн көзгө көрүнбөгөн жерде сынап көрүңүз. Каражат металл үчүн коркунучтуу!

### Сактык чаралары

### САК БОЛУҢУЗ

- Териге тийгенде дүүлүктүрөт. Көзгө тийгенде катуу ачыштырып-кычыштырат.
- Буусун/аэрозолун дем алуудан качыңыз.

- Иш учурунда мээлей, атайын кийим жана көздү коргоочу каражаттарды колдонуңуз.
- Иштен кийин колду жана бетти жакшылап жууңуз.
- ТЕРИГЕ ТИЙИП КЕТСЕ, көп суу менен жууп салыңыз, эгерде дүүлүгүү басылбаса, медициналык жардамга кайрылыңыз.
- КӨЗГӨ ТИЙГЕНДЕ: Бир нече мүнөт бою суу менен абайлап жууңуз. Эгерде контакттык линзаларды колдонсоңуз жана аны чечүү оңой болсо, линзаны чечип, көздү жууганды улантыңыз. Эгерде көздүн ачышып-кычышканы басылбаса, медициналык жардамга кайрылыңыз.
- Булганган кийимдердин баарын чечип, кайра киерден мурун жууп салыңыз.

БАЛДАРДАН ООЛАК КАРМОО КЕРЕК!

**Курамы**

Суу, туз кычкылы 5-15%, НПАВ (иондук эмес беттик-активдүү заттар) <5%, функционалдык кошулма.

**Сактоо шарттары**

Кургак, салкын жерде, тике тийген күн нурларынан коргоп сактоо керек. Сактоо учурунда үч жолкуга чейин тоңуууга жол берилет, эригенден кийин өзүнүн касиеттерин сактап калат. Тоңгондон кийин мажбурлап ысытпастан, толук эригенге чейин бөлмө температурасында кармоо зарыл. Өндүрүүчүнүн ачыла элек идишинде сактоо мөөнөтү: даярдалган күндөн тартып 36 ай.

**Логистикалык маалымат**

| | |
|---|---|
| Жеке штрих-код | 4607013046894 |
| Топтук штрих-код | 14607013046891 |
| Кутучадагы идиштердин саны | 12 даана |
| Паллеттеги идиштердин саны | 576 даана |